Долбоор

**«И.Раззаков атындагы КМТУнин 2018-2019 окуу жылына студенттерди кабыл алуу маселери жана даярдыгы жөнүндөгү» боюнча И.Раззаков атындагы КМТУнин Окумуштуулар кеңешинин**

# ТОКТОМУ

Бишкек ш. 30.05.2018

Окумуштуулар кеңеши кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы А.А. Самсалиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, 2018-2019 окуу жылына И.Раззаков атындагы КМТУга 1-курска студенттерди кабыл алууну ийгиликтүү камсыз кылуу максатында абитуриенттерди кесипке багыттоо максаттуу жана системалык түрдө жана кабыл алуу комиссиясынын бекитилген планына ылайык төмөндөгүчө жүргүзүлгөндүгүн белгилейт:

1. Гранттык жана контракттык окутуу формасына абитуриенттерди алуу планын түзүү;
2. И. Раззаков атындагы КМТУнун кабыл алуу комиссиясынын ишинин нормативдик базасын түзүү;
3. Кесиптик багыттоо ишин жүргүзүү.

**Окутуунун гранттык жана контракттык формасына кабыл алуу планын түзүү.** Гранттык окутуу формасына абитуриенттерди ийгиликтүү кабыл алуу үчүн бюджеттик окутуу формасынын багыттары жана адистиктери боюнча өтүнмөлөрдү чогултууга университеттин бардык бүтүрүүчү кафедралары катышышты. 2017-жылдын ноябрь жана декабрь айларында бүтүрүүчүлөргө коюлган талапты, ишке орноштуруу жана ишканалар менен тиешелүү келишимдерди түзүүнү изилдөө боюнча бир топ иштер жүргүзүлдү. Гранттык окутуу формасына өтүнмө берүү ишканалар менен уюмдардын келишиминин негизинде гана ишке ашырылып, бул жылы 15тен ашык орун 80 %ден ашык кафедралардын бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусунун негизинде берилди.

Окутуунун контракттык формасына кабыл алуу планын түзүү үчүн түзүмдүк бөлүмдөрдөн өтүнмөлөр чогултулуп жана лицензиялар боюнча чегине жеткен контингентти эсепке алуу менен күндүзү жана сырттан окутуу формаларынын багыттары боюнча окуп жаткандардын саны жана кабыл алуу планы такталып жатат. Ошондой эле регионалдык түзүмдөрдүн сунуштарын дагы эсепке алуу зарыл.

**Кабыл алуу комиссиясынын ишинин нормативдик базасын түзүү.** Азыркы учурда КМТУга жогорку кесиптик билим берүү (бакалавр жана магистратура) жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча кабыл алуу эрежелери макулдашылып жатат. Эрежелер кыргыз жана орус тилдеринде бекитилет.

Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн буклеттериндеги адистиктердин жана багыттардын предметтик дисциплиналары менен бирге тизмесине өзгөртүүлөр киргизилген.

Кабыл алуу комиссиянын мүчөлөрүнүн иши боюнча инструкциялар жана КМТУда өткөрүлүүчү ички кабыл алуу сыноолору боюнча жоболор иштелип чыккан.

**Кесиптик багыттоо иши.** Кыргыз Республикасынын жаштарына кесиптик багыт берүү тармагын өнүктүрүү Концепциясын ашыруу боюнча 2018-2019-жылдардагы иш чаралар Планы бекитилген (КР ББжИМ 2017-жылдын 1-мартынан №239/1 буйругу). Университеттеги өткөрүлүп жаткан кесиптик багыттоо иш чаралары бул Планга ылайык келип, абитуриенттерди техникалык даярдоо багыттарына жана адистиктерине мотивациялоо максаты менен төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү:

Университеттин, институттардын жана факультеттердин буклеттери эки тилде (кыргыз, орус) иштелип чыгып жана басып чыгарылган. КМТУнун жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн видео-роликтери жаңыланып, кыргыз жана орус тилинде үн коштолду.

2017-жылдын 9-10-ноябрында «SECOM» билим берүү мекемеси менен биргелешип Ысык-Көл, Нарын, Талас облустарынын бүтүрүүчүлөрүнө (300 окуучу) жана 2018-жылдын 10-11-12-январында жети дубандан келген 900 окуучуга декандардын катышуусу менен КМТУда жолугушуулар жана экскурсиялар уюштурулду.

Окуучулардын 2018-жылдын жазгы эс алуу мезгилинде 27, 28, 29, 30 -мартта жана 6, 19, 21-апрелде «SECOM» билим берүү мекемеси менен биргелешип Нарын, Талас, Баткен, Ош, Жалал-

Абад облустарынан жана Кара-Кол, Токмок шаарларынан бүтүрүүчүлөргө жолугушуулар жана экскурсиялар уюштурулду.

2018-жылдын 6-15-мартта Нарын шаарында 9-11 класстарынын окуучуларына техникалык багытта “Deutsch und Telematik” жазгы мектеби уюштурулуп өткүрүлдү. Иш чараны “Телематика” кафедрасы ДААД уюмунун каржылоосу менен өткөрүп, мында 10 мектептен 30 окуучу катышты.

2017-жылдын 1-декабрында Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан айылдарынын бүтүрүүчүлөрүнө технологиялык факультетинин “Ачык эшик күнү” өткөрүлдү. Окуучулар факультеттин даярдоо багыттары жөнүндө маалымат алышып, аларга чакан концерттик программа, саркеч кийимдердин коллекциясы сахнада тартууланды.

2018-жылдын 17-февралында Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан айылдарынын бүтүрүүчүлөрүнө унаа жана машине куруу факультетинин “Ачык эшик күнү” өткөрүлдү. Окуучулар факультеттин даярдоо багыттары жөнүндө маалымат алышып, аларга чакан концерттик программа жана лабораторияларга экскурсиялар уюштурулду.

2018-жылдын 5-мартында Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан айылдарынын бүтүрүүчүлөрүнө Кыргыз-герман техникалык институтунун “Ачык эшик күнү” өткөрүлдү. Окуучулар институтунун даярдоо багыттары жөнүндө маалымат алышып, аларга чакан концерттик программа жана лабораторияларга экскурсиялар уюштурулду. Герман университеттер менен чогуу иштер болуп жаткан жөнүндө маалыматтар тартууланды.

2018-жылдын 31-мартында Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан айылдарынын бүтүрүүчүлөрүнө электроника жана телекоммуникация институтунун “Ачык эшик күнү” өткөрүлдү. Окуучулар институтунун даярдоо багыттары жөнүндө маалымат алышып, аларга чакан концерттик программа жана лабораторияларга экскурсиялар уюштурулду.

2018-жылдын 13 апрелинде Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан айылдарынын бүтүрүүчүлөрүнө инженерлик жана экономикалык институтунун “Ачык эшик күнү” өткөрүлдү. Окуучулар институтунун даярдоо багыттары жөнүндө маалымат алышып, аларга чакан концерттик программа жана лабораторияларга экскурсиялар уюштурулду.

“Ачык эшик күн” иш чарасын Ү.Асаналиев атындагы Тоо-кен иштери жана тоолордогу технологиялар институту 2018-жылдын 15 февралында өткөрүштү. Келген окуучуларга алдыңкы геологдор жана тоочулар сөз сүйлөштү, институтта жана геологиялык музейде экскурсиялар уюштурулду.

2018-жылдын 5-февралынан баштап 10-февралга чейин КМТУнун базасында Билим берүү жана илим министирлиги менен “Алтын түйүн” Республикалык балдардын инженердик-техникалык академиясы менен биргеликте окуучулардын Илим, техника жана өндүрүш республикалык жумалыгы өткөрүлдү. Бул иш-чарага кесиптик багыттоо топтор тартылды.

2018-жылдын 17–18-февралында жана 21-22-апрелинде биздин университетте Бишкек шаарынын бүтүрүүчүлөрүнүн арасында Улуттук тестирлөө борбору (УТБ) сынак өткөргөн. Университеттин, факультеттер менен институттардын буклеттери Бишкек шаарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүнө таркатылып берилген.

2018-жылдын 17-мартында “КМТУнун Ачык эшик күнү“ өткөрүлдү. Бул иш-чарага Бишкек шаарынын жана Чүй обласынын жакын жайгашкан райондорунун 100дөн ашык мектептерине чакыруу плакаттары жана КМТУ жөнүндө маалыматтар, буклеттер таратылган. Иш чарага 700 бүтүрүүчүлөр мугалимдери менен катышышты. Келген конокторго көргөзмө уюштурулуп, кафедралардын лабораторияларына экскурсиялар жана жолугушуулар болду. Бул иш чара Бишкек шаарынын мэриясы алдындагы Билим берүү башкармалыгынын колдоосу менен өттү.

2018-жылдын 24-25-февралында КМТУнун базысында өткөрүлгөн окуучулардын шаардык олимпиадалары учурунда маалыматтык материалдар таратылды.

Бишкек шаарынын жана региондордун мектептеринде ЖРТ боюнча консультация берүү жана кесиптик багыттагы ишти жүргүзүүгө байланыштуу кеңири масштабдагы иш-чара өткөрүлгөн. Ректордун буйругу менен 2018-жылдын 12- 16-мартында математика, физика жана бүтүрүүчү кафедралардын окутуучуларынан Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас областтарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүнө ЖРТ жана кесиптик багыттагы иш боюнча консультация берүү максатында 5 топ уюштурулган. Ар бир топ жеткиликтүү сандагы орус жана кыргыз тилиндеги КМТУнун буклеттери; КМТУ жөнүндө маалыматты камтыган плакаттар; DVD дисктер (ар бир дискте орус жана кыргыз тилинде жазылган КМТУ тууралуу маалымат), ЖРТнин тесттери,

ошондой эле ар бир топ билим берүү министринин орун басары Кожобеков К. Г. менен макулдашылган консультациялардын иш ыраатын камтыган коштоочу кат менен камсыз кылынган.

2018-жылдын 14-апрелинде Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде өткөрүлгөн "IV Кыргызстан Университеттер жарманкеси-2018" иш-чарага КМТУ катышты, мында университет жөнүндө маалымат такталар жайгаштырылып, абитуриенттерге буклеттер таратылды. Бул иш-чарага 20дан ашык университеттер жана 3000ден ашык окуучулар катышты.

2018-жылдын 19- апрелинде Ысык-Көл облусунан ар бир мектептен өкүлү катары келген 40 бүтүрүүчүлөрүнө КМТУда жолугушуулар жана экскурсиялар уюштурулган.

2018-жылдын 25-апрелинде Нарын облусунан келген 25 бүтүрүүчүлөрүнө КМТУда жолугушуулар жана экскурсиялар уюштурулган.

Кесиптик багыттоо ишке бир топ уюмдарынын лидерлери менен биргеликте КМТУнун буклеттери, видео-роликтери аталган аймактарда мектеп бүтүрүүчүлөр арасында жайылтылды.

"Кут билим", "Эркин Тоо", "Абитуриент" жана "Кыргыз Туусу" газеталарына И. Раззаков атындагы КМТУ тууралуу жарнамалык маалымат жайгаштырылганга келишим түзүлдү, о.э. "Аки Пресс" маалымат сайтына июнь, июль айларында маалымат баннер жайгаштырылат.

2018-жылдын 14-майынан тартып, күн сайын 1/201 аудиторияда жумалык графикке ылайык түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрүнүн кызматы жана ал жерге кайрылган абитуриенттер үчүн консультация уюштурулган.

2017-2018-окуу жылына студенттерди кабыл алууну уюштуруу боюнча ишкердикти анализдөөнүн натыйжасында кабыл алуу комиссиясы өз алдына төмөндөгү милдеттерди койгон:

1) университеттин бүтүндөй коллективинин ишинде кесиптик багыт иши бирден бир приоритеттүү багыттардан болушу керек жана ал активдүү, системалуу жүргүзүлүшү талапка ылайык. Ар бир кафедрада окуу жылы бою туруктуу негизде кесиптик багыттоо ишти алып баруу боюнча топтор түзүлүүсү керек. Профессордук-окутуучу курамга дем берип кызыктыруунун механизмдерин алдын ала караштыруу керек, анткени алардын ишинин натыйжалары КМТУга белгилүү бир сандагы абитуриенттерди тартууга көмөкчү;

2) кабыл алуу комиссиясынын ишинин анализи көрсөткөндөй 9-класстан кийин колледждерге өтүп жаткан балдардын саны маанилүү көбөйгөндүгү, быйыл окуунун тездетилген формасына өткөндөрдүн санынын кескин жогорулагандыгы көрүндү, ошондуктан орто-атайы окуу мекемелердеги (колледждер) кесиптик багыттоо ишине өзгөчө көңүлдү буруу керек;

3) мектеп окуучулары ЖРТга каттоо жана аны тапшыраардын алдында ЖРТ боюнча чыгып консультацияларды берүү менен кесиптик багыттагы иштерди жүргүзүү өз натыйжалуулугун көрсөттү. Ушуга байланыштуу мындан ары Кыргызстандын региондоруна көчмө консультацияларды улантуу шарт. Базалык мектептерди тандоо менен консультацияларды уюштуруу үчүн шаардык жана райондук билим берүү башкармалыктарын тартып, даярдык иштерин шаардык БББ, райондук БББ жана ББжИМ менен өз ара аракеттешип жүргүзүү зарыл;

4) кабыл алуу комиссиясы тиешелүү адистер менен биргелешип КМТУнун, факультеттердин, институттардын жана бүтүрүүчү кафедралардын сайттарына жайгаштырылган материалдарды үзгүлтүксүз жаңылап жана толукташы керек. Сайтка чыгарылган материалдар кыргыз тилде берилип турганы абдан зарыл болуп турат.

5) кафедралар, факультеттер жана институттар карамакка алынган мектептер жана колледждер менен ишти күчөтүүлөрү зарыл. Бул мектептердин жетекчилери менен макулдашуу боюнча бир айда бир сааттан бүтүрүүчүлөр кызыккан темалар боюнча лекцияларды өткөрүүлөрү керек;

6) 1-курска кабыл алуунун сапатын жогорулатуу жана жакшыртуу максатында бир катар иш-чаралар өткөрүлүшү керек:

- лицензиянын жана рыноктун талаптарын эске алуу менен окутуунун бардык формаларына кабыл алуу планы оптималдаштырылуусу;

- атайы-орто окуу мекемесин аяктагандан кийин КМТУда окууну улантуу үчүн Политехникалык колледждеги даярдоо багыттарынын тизмеси көбөйтүлүүсү;

- кафедралар орто кесиптик билим берүү базасында окутуунун тездетилген формасы үчүн талап кылынган багыттар боюнча жаңы окуу пландарын иштеп чыгуусу.

Жогоруда белгиленгендин негизинде Окумуштуулар кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “И.Раззаков атындагы КМТУнун 2017-2018-окуу жылына студенттерди кабыл алуу милдеттери жана даярдыгы” жөнүндөгү кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы А.А. Самсалиевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжиндеги орто кесиптик билим берүүнү даярдоонун талап кылынган багыттарын лицензиялоо боюнча уюштуруу иштери аягына чыгарылсын *(Жооптулар: окуу иши боюнча проректор, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – 2018-жылдын 1-июнуна чейин);*
3. Чет өлкөлүк студенттерди окутуу боюнча маалымат база жана укук-усулдук камсыз кылуу түзүлсүн. *(Жооптулар: илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча проректор, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – дайыма);*
4. КМТУга абитуриенттерди тартуу боюнча кошуна мамлекеттердин чек аралык территорияларында жайгашкан жогорку жана орто-атайы окуу жайлары менен кызматташтык жана байланыштар улантылсын. *(Жооптулар: илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча проректор, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – дайыма).*
5. Даярдоонун бардык багыттары (бакалавриат-магистратура) жана адистиктери боюнча максаттуу кесиптик багыттоо иштер жүргүзүлсүн. *(Жооптулар: декандар, директорлор, кафедра башчылары, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – окуу жылы ичинде);*
6. Бардык факультеттер жана институттар боюнча окуу үчүн төлөмдөрдүн бааларынын прейскурантын бекитүү боюнча уюштуруу иштери аягына чыгарылсын. *(Жооптулар: АЧИ боюнча проректор, ПФБнүн башчысы, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – 2018-жылдын 20-июнуна чейин).*
7. Эгерде багыттагы катталган абитуриенттердин саны 10дон кем болсо (бюджеттеги орундарды эсепке алуу менен) бул багыт боюнча тайпа ачылбасын, ал эми каттаган абитуриенттерге башка профилдүү багыттар сунушталсын. *(Жооптулар: ОИ боюнча проректор, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. Аткаруу мөөнөтү – дайыма).*
8. Бул токтомду көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы** **М.Дж. Джаманбаев**

**Окумуштуу катчы** **Б.Э. Таштобаева**